**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б.Н. ЕЛЬЦИН атындагы КЫРГЫЗ–РОССИЯ СЛАВЯН**

**Д 08.20.622 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 338-56/9

**Сулайманкулов Заирбек Нишанбаевич**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ПЕНСИЯЛЫК КАМСЫЗ КЫЛУУ

08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана насыя

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферати

**Бишкек – 2021**

Иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин финансы кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Саякбаева Айганыш Апышевна,**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор,<br>Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, финансы кафедрасынын башчысы |
| **Официальные оппоненты:** | **Савин Виктор Евгеньевич,**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор,<br>К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети, финансы жана ансыя факультети, декан<br>**Сарбагышова Айгуль Эсеновна,**<br>экономика илимдеринин кандидаты, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети, экономика, менеджмент жана туризм кафедрасы, улук окутуучу |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ош мамлекеттик университети, финансы жана банк иши кафедрасы, дареги: 723500, Кыргыз Республикасы, Ош ш., А. Масалиев проспект, 80б. |

Коргоо 2021-жылдын 31-январында саат 14.00дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдындагы экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д. 08.20.622 диссертациялык кеңештин жыйынында 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Жибек Жолу пр. 394 дареги боюнча өтөт.

Диссертацияны коргоону онлайн көрсөтүүнүн жеке коду: https://vc.vak.kg/b/d08-vqw-pjg-qie

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу пр., 394) жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Бишкек ш., Киев көч. 44) китепканаларынан, ошондой эле ДК http://dissovetecon.knu.kg. сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын _____________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин доктору, доцент Есеналиева Б.Б.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы этапта пенсиялык камсыз кылуу мамлекеттин жана коомдун жарандардын кадимки жашоосундагы тобокелдиктердин жагдайларына каршы багытталган чаралардын, аракеттердин, каражаттардын жыйындысы менен оптималдуу жашоо шартын берүүнү, муктаждыктарды канааттандырууну, жашоону камсыздоону жана ар түрдүү социалдык категориядагы жана топтордогу инсандын иштиктүү жашоосун колдоону камсыз кылуучу социалдык кепилдиктердин, иш-чаралардын жана мекемелердин мамлекет тарабынан мыйзамдуу белгиленген принциптеринин, ыкмаларынын тутуму болуп саналуу менен, Кыргыз Республикасынын социалдык саясатынын маанилүү жана артыкчылыктуу багыттары болуп саналат.

Пенсиянын өлчөмү анын өсүү динамикасына карабастан, минималдуу муктаждыктарды да камсыз кылууга мүмкүн эмес. Азыркы учурдагы колдонуудагы пенсиялык тутум кызматкрелердин кирешелеринин ачыктыгын камсыз кылуу үчүн түрткү бербейт, анткени келечектеги пенсияны эсептөөгө эч кандай таасир этпейт, т.а. камсыздандыруу төгүмдөрү жана пенсионердин эмгек салымдары менен пенсиясынын түздөн-түз байланышы жок.

Азыр өзгөчө актуалдуу болуп пенсиялык төлөмдөрдү каржылоо жана анын чыгашаларын оптималдаштыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Пенсиялык фондунун кирешелеринин жеке булактарын камсыз кылуу көйгөйү саналат. Ушул көйгөйлөр калктын картаюу глобалдуу процессинин көз жеткен келечегинде ылдамдоо менен тереңдеп баратат, бул Кыргыз Республикасынын пенсиялык фондунун финансылык ресурстардын түзүмүндө диспропорцияны күчөтүүгө жана пенсиянын деңгээлин төмөндөтүүгө алып келет. Мунун баары мамлекеттик пенсиялык камсыз кылуу тутумунда түзүлгөн каатчылык жана аны модернизациялоонун зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрөт.

Түзүлгөн шарттарда кыйла актуалдуу болуп Кыргыз Республикасынын Пенсиялык фондунун реалдуу финансылык туруктуулугун камсыз кылуу жана өзгөчө COVID –19 пандемиясынан кийин Социалдык фонддун бюджетинин каражаттарынын тартыштыгын чакырган анын финансылык ресурстарын натыйжалуу башкаруу маселелери турат. Кыргыз Республикасынын Пенсиялык фондунун финансылык туруксуздугунун олуттуу себептери стратегияларды жана анын финансылык ресурстарын түзүү жана пайдалануу механизмдерин түп-тамырынан өзгөртүүсүз теңдөө мүмкүн эместигинде.

Ошентип, жогоруда баяндалгандар изилдөө темасынын актуалдуулугун жана системалуу жана деталдуу изилдөөнүн зарылдыгы жана теориялык базаны өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын Пенсиялык фондунун финансылык туруктуулугун камсыз кылуунун адекваттуу механизмдерин

анын негизги демоиндикаторлорун эске алуу менен кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү келечекте иштеп чыгуу зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрөт.

Бирок жакынкы жана өзгөчө узак мөөнөттүү келечекте бул көйгөйлөр мыйзам менен каралган пенсиялык төлөмдөрдү каржылоо үчүн себептерди талдоосуз жана эл аралык позитивдүү практиканы эске алуу менен таасирдүү чараларды көрүүсүз, камсыздандыруу төгүмдөрүн мобилизациялоо жана мамлекеттик бюджеттен каражаттарды тартуу боюнча ыкчам чаралардын жардамы менен гана чечүүгө мүмкүн.

**Диссертациянын темасынын билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын 2018-2022-жылдар мезгилинде “Биримдик, Ишеним, Жаратмандык” өнүктүрүү программасын, 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын, 2035-жылга чейинки мезгилде КР экономикалык өнүктүрүүнү инновациялык модернизациялоонун концепциясын ж.б. ишке ашыруу менен байланыштуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн объекти** болуп Кыргыз Республикасынын калкын пенсиялык камсыз кылуу тутуму жана анын демоиндикаторлору саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети** болуп Кыргыз Республикасынын Пенсиялык фондунун ресурстарын түзүү жана бөлүштүрүү процессинин экономикалык жана финансылык мамилелери саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты калкты пенсиялык камсыз кылууну модернизациялоонун концептуалдуу негиздерин иштеп чыгуу үчүн анын теориялык жана практикалык аспекттерин изилдөө болуп саналат.

Коюлган максат диссертацияда изилдөөнүн логикасына жана түзүмүнө ылайык төмөнкү милдеттерди чечүү менен жетишилди:

- Кыргыз Республикасында калкты пенсиялык камсыз кылуунун теориялык-методологиялык жана ченемдик укуктук негиздери изилденди;
- Кыргыз Республикасында калкты пенсиялык камсыз кылууну түзүү жана баалоо методологиясы изилденди;
- чет өлкөлөрдүн калкты пенсиялык камсыз кылууга жана аларды регламенттөө практикасына салыштырма талдоо жүргүзүлдү;
- Кыргыз Республикасында калкты пенсиялык камсыз кылууга жана пенсиялык фонддорду бюджеттөөгө талдоо жүргүзүлдү;
- Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну өнүктүрүүнүн негизги социалдык-экономикалык факторлорунун таасиринин даражасына корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүлдү;
- жалпы Кыргыз Республикасынын калкын, анын ичинде эркектерди жана аялдарды болжолдоо контекстинде калкты пенсиялык камсыз кылууну модернизациялоонун концептуалдуу негиздери иштелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы**:

– “пенсиялык камсыз кылуу” түшүнүгүн тактоо менен, Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну изилдөөнүн үзгүлтүксүз, методологиялык жана теориялык негиздери изилденди жана жалпыланды;

– айрым чет өлкөлөрдүн пенсиялык камсыз кылууга салыштырма талдоо жүргүзүлдү жана өлкөнүн финансылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен КРда аларды позитивдүү ыңгайлаштыруу максатында регламенттөө практикасы изилденди;

– пенсиялык фонддорду бюджеттөөнүн демоиндикаторлору катары КР демографиялык өнүктүрүү контекстинде аларды оптималдаштыруу жана финансылык туруктуулукту сактоо максатында КР пенсиялык камсыз кылууга талдоо жүргүзүлдү;

– Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну өнүктүрүүгө негизги социалдык-экономикалык факторлорду жана демоиндикаторлордун таасиринин даражасына корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүлдү;

– 2030-жылга чейинки мезгилде компенсациялык төлөмдөрдү эске алуу менен бир айлык пенсиянын орточо өлчөмүн аныктоо максатында КР калкынын болжолунун контекстинде КРда пенсиялык камсыз кылуу болжолу эсептелди;

– Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну модернизациялоонун концептуалдуу негиздери иштелип чыкты.

**Диссертациялык изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси** изилдөөнүн жоболору жана кортундулары министрликтердин жана ведомстволордун Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну жөнгө салуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу практикасында колдонуу мүмкүндүгүндө турат. Негизги тыянактар, сунуштар жана илимий-практикалык сунуштамалар Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну жөнгө салуу боюнча стратегияларды, программаларды жана пландарды иштеп чыгууда, ишке ашырууда, ошондой эле “Экономика” багытындагы бакалавр жана магистрлерди даярдоодо “Камсыздандыруу”, “Финансылык менеджмент”, “Бюджеттен тышкары фонддор”, “Демография” дисциплиналары боюнча окуу процессинде пайдаланылышы мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси.** Теориялык-методологиялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылуунун социалдык-демографиялык аспекттеринин негизинде министрликтер жана ведомстволор тарабынан өлкөнү социалдык-экономикалык өнүктүрүү концепцияларын жана стратегияларын иштеп чыгууда, ошондой эле Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну жөнгө салуу боюнча стратегиялык башкаруучулук чечимдерди болжолдоодо жана кабыл алууда пайдаланылышы мүмкүн.

Иште сунушталган пенсиялык жөнгө салуу системасын өркүндөтүүнүн стратегиялык артыкчылыктары жана багыттары КРда калкты пенсиялык

камсыздандырууну мамлекеттик жана региондук деңгээлде модернизациялоодо, ошондой эле КР пенсиялык саясатынын концепциясын иштеп чыгууда пайдаланылышы мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюулуучу негизги жоболоу:**

– Пенсиялык камсыз кылуунун теориялык-методологиялык жана ченемдик укуктук маселелери;

– Кыргыз Республикасында, чет өлкөлөрдө пенсиялык камсыз кылууну салыштырып талдоонун натыйжалары жана аларды регламенттөө практикасы изилденди;

– Пенсиялык камсыз кылуунун демоиндикаторлорун баалоо жана пенсиялык фонддорду бюджеттөөнүн натыйжалары;

– Кыргыз Республикасында калкты пенсиялык камсыз кылууга айрым социалдык-экономикалык жана демографиялык факторлордун таасиринин даражасын корреляциялык-регрессиялык талдоо;

– 2030-жылга чейинки мезгилде КРда калкты, анын ичинде эркектерди жана аялдарды пенсиялык камсыз кылууну болжолдоо;

– Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну модернизациялоонун концептуалдуу негиздери иштелип чыкты.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөнүн натыйжалары Ж.Баласагын атындагы КУУда апробацияланды жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун экономика факультетинин окуу процессинде пайдаланылат. Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну оптималдаштырууга багытталган практикалык сунуштмалар Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун айрым аймактык органдарынын ишинде чагылдырылды.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары тегерек столдордо, семинарларда, ошондой эле улуттук жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндалды жана талкууланы: «Инновационная экономика Казахстана: устойчивое развитие в условиях глобализации» (Астана: ЕНУ им. Л.Н.Гумилева, 2014), «Наука и современность 2017» - XXIII Международная научная конференция Евразийского Научного Объединения (Москва ш., март 2017), «Перспективные направления развития современной науки» -73я Международная научная конференция Евразийского Научного Объединения (Москва ш., март, 2021), «Актуальные вопросы развития науки в мире» - 74я Международная научная конференция Евразийского Научного Объединения (Москва ш., апрель 2021), «Евразийская экономическая интеграция, проблемы и перспективы развития: цифровизации, управленческо-информационные; финансовые, мониторинговые, налоговые; учетно-аналитические, аудиторско-контрольные», «Исраилов окуулары БАБА ЫК 10-форуму» 10 жылдыгына жана профессор А.А. Саякбаеванын юбилейине арналган МОО (Түркия Аланья ш., август 2021-жыл) ж.б.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыялоолордо толук чагылышы.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору 14 илимий

макалада жарыяланган, алардын ичинен 8 макала Кыргыз Республикасынын ЖАК сунуштаган басылмаларда жарыяланган, 8 макала ИЦРИ базасы менен индекстелген басылмаларда, анын ичинде Москва, Махачкала (РФ), Аланья (Түркия), Астана (КР), Бишкек ж.б. жарыяк көргөн.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кыскартуулардын жана шарттуу белгилердин тизмегинен, киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштамалардан жана пайдаланылган булактардын тизмесинен турат. Диссертация 167 бетте баяндалган, 22 таблицаны, 46 сүрөттү камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу негизделди, изилдөөнүн максаты жана милдеттери түзүлдү, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы баяндалды. Алынган натыйжалардын практикалык жана экономикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы ачылды, диссертациянын коргоого коюулуучу негизги жоболору саналды жана диссертациянын натыйжаларын апробациялоо баяндалды.

**“Калкты пенсиялык камсыз кылуунун теориялык-методологиялык, уюштуруу жана ченемдик-укуктук аспекттери” биринчи бөлүмүндө** пенсиялык камсыз кылуунун келип чыгышы жана өнүгүү тарыхы, Кыргыз Республикасында калкты пенсиялык камсыз кылууну түзүүнүн жана баалоонун уюштуруу-укуктук жана методологиялык негиздери изилденди, чет өлкөлөрдүн калкты пенсиялык камсыз кылуусуна салыштырма талдоо жүргүзүлдү жана аларды регламенттөө практикасы жүргүзүлдү;

Азыркы этапта пенсиялык камсыз кылуу мамлекеттин жана коомдун жарандардын кадимки жашоосундагы тобокелдиктердин жагдайларына каршы багытталган чараларынын, аракеттеринин, каражаттарынын жыйындысы менен оптималдуу жашоо шартын берүүнү, муктаждыктарды канааттандырууну, жашоону камсыздоону жана ар түрдүү социалдык категориядагы жана топтордогу инсандын иштиктүү жашоосун колдоону камсыз кылуучу социалдык кепилдиктердин, иш-чаралардын жана мекемелердин мамлекет тарабынан мыйзамдуу белгиленген принциптеринин, ыкмаларынын тутуму болуп саналуу менен, Кыргыз Республикасынын социалдык саясатынын маанилүү жана артыкчылыктуу багыттары болуп саналат [Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө: КР 1997-жылдын 21-июлундагы № 57 Мыйзамы].

Азыркы этапта Кыргыз Республикасында пенсиялык институттарынын өнүгүү тарыхы – бул Кыргыз Республикасына Советтер Союзунан мураска калган пенсиялык камсыз кылуу принциптерине өзгөчө иш жүзүндө иштиктүү тутумдан пенсиялык камсыздандыруу тутуму толук кандуу түзүлгөнгө чейин акырындык менен өтүү процесси [Койчуев, Т.К. Вопросы социальной рыночной экономики (Опыт Германии и экономика Кыргызстана на современном этапе) / Койчуев Т.К., Алышбаева А. ж.б. - Бишкек.- 1994].

Кыргызстан пенсиялык реформалардын башталышында “шарттуу топтолмо тутум” (ШТТ) деп аталган тутумду тандап алган. Ага ылайык пенсиялык төгүмдөр кызматкердин виртуалдуу жеке пенсиялык эсебине “чогултулган”, бирок сакталган эмес, анын ордуна алар учурдагы пенсионерлерге пенсияларды төлөө үчүн пайдаланылган.

Ушул реформанын алкагында 1997-жылы Кыргызстандын пенсиялык мыйзамына бир катар олуттуу өзгөртүүлөр киргизилген:

– пенсиялык куракты эркектер үчүн 60 баштап 63 жашка чейин жана аялдар үчүн 55 баштап 58 жашка чейин акырындык менен жогорулатуу;

– бир катар жеңилдиктерди, атап айтканда, айрым кесиптик өкүлдөрү жана калктын топтору үчүн пенсияга эрте чыгууну жокко чыгаруу;

– үч компоненттик пенсиялык тутум: жетиштүү стажы бар ар бир пенсионерге кепилденген базалык пенсия; 1996-жылга чейин орточо эмгек акыдан пайыз катары кармалуучу кызматкердин эмгек салымына ылайык пенсиялык камсыз кылуу; пенсионердин эсебине топтолуучу жеке пенсиялык төгүмдөр.




**1.1-сүрөт. Кыргыз Республикасынын Пенсиялык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери, %**

Булак: маалыматтар боюнча түзүлдү [http://socfond.kg]

Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери мурдагы өткөн календарлык жыл үчүн Кыргыз Республикасын боюнча түзүлгөн орточо айлык акынын суммасынан 8% Кыргыз Республикасынын Пенсиялык фондуна жөнөтүлөт. “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” КР Мыйзамынын 10-статьясына ылайык, Мамлекеттик топтолмо Пенсиялык фондго (МТПФ) камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө мурунку календарлык жыл үчүн КР боюнча түзүлгөн бир айлык орточо эмгек акынын өлчөмүнөн 2% кем эмес ыктыярдуу тартипте жүргүзүлөт [http://socfond.kg].

Пенсияларды төлөөгө каражаттар КР Социалдык фонду тарабынан (Социалдык фонд) юридикалык жактардын уюштуруу-укуктук формаларынан жана менчик формаларынан көз карандысыз, алардын обочолонгон бөлүмдөрүнүн (филиалдардын жана өкүлчүлүктөрдүн), дыйканчылык (фермердик) чарбалардын, жеке адамдардын ошондой эле “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” КР Мыйзамында белгиленген шарттарда жана тартипте мамлекеттик бюджеттин ассигнованиелеринин камсыздандыруу төгүмдөрүнөн чогултулат жана пайдаланылат.

**“Кыргыз Республикасында калкты пенсиялык камсыз кылууну диагностикалоо” деген экинчи бөлүмдө** бюджетти түзүү индикаторлору катары калкты пенсиялык камсыздоонун демографиялык факторлоруна талдоо, калкты пенсиялык камсыз кылуу социалдык-экономикалык факторлорунун корреляциялык-регрессиялык талдоосу Кыргыз Республикасында калкты пенсия менен камсыздоонун бюджеттештирүүсүнө баалоо жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык изилдөөнүн объекти** Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылуу тутуму болуп эсептелет.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети** болуп Кыргыз Республикасынын пенсиялык фондунун ресурстарын түзүү жана бөлүштүрүү процессиндеги экономикалык жана каржылык мамилелер эсептелет.

***Изилдөө методдору жана материалдар***. Иште изилдөөнүн жалпы илимий статистикалык ыкмалары: абстрактуу-логикалык, салыштырма, структуралык-функционалдык ыкмалар, графикалык метод, корреляциялык-регрессиялык метод, статистикалык болжолдоонун метод, топторго бөлүштүрүү методдору жана экономикалык-статистикалык талдоо методу, SPSS программасын колдонуу менен корреляциялык талдоо колдонулду.

*Изилдөөнүн материалдары* катары атайын экономикалык жана статистикалык адабияттар, КР УСК материалдары, электрондук ресурстар жана Кыргыз Республикасындагы пенсиялык камсыз кылуу тутумуна тартылган башка уюмдардын маалыматтар базалары колдонулду.

2010-2020-жылдарга жынысы боюнча жашоонун күтүлгөн узактыгынын динамикасын талдоо аялдар үчүн да, эркектер үчүн да бул көрсөткүчтүн бир калыпта өсүүсүн көрсөтүп турат. Алсак, аялдардын жашоо узактыгы 2010-жылы 73,5 жаштан 2020-жылы 76 жашка чейин өссө, эркектердин жашоо узактыгы 2010-жылы 65,3 жаштан 2020-жылы 67,8 жашка чейин өскөн. **[**http://socfond.kg**]** (2.1-сүрөттү караңыз).




2.1-сүрөт. Кыргыз Республикасынын калкынын күтүлүүчү жашоо узактыгы жынысы, *жашы* боюнча

Булак КР УСК маалыматтары боюнча түзүлгөн [http://socfond.kg]

Ошол эле учурда аялдардын өмүрүнүн узактыгы 2020-жылы 2010-жылдагы сыяктуу эле эркектердикинен 8,2 жылга жогору болгон. Аялдар менен эркетердин жашоо узактыгынын деңгээлиндеги мындай айырма өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө мүнөздүү жана эркектердин кээ бир ооруларга генетикалык ыктуулугунан гана эмес, анткени алар жүрөк-кан тамыр ооруларына, травмаларга жана башкаларга көбүрөөк дуушар болушат, бирок экономиканын төмөн өнүккөндүгү жана социалдык көрсөткүчтөр боюнча артта калгандыгы да бирден-бир себеби катары каралат. Жалпысынан өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жана анын ичинде саламаттыкты сактоонун жогорку деңгээли келечекте бардык курактагы эркектер менен аялдардын өмүрүнүн узактыгынын ортосундагы айырманы кыскартууга жана аны өнүккөн өлкөлөрдүн деңгээлине көтөрүүгө мүмкүндүк берет.

2010-2020-жылдарда пенсия алуучулардын санынын динамикасын талдоо анын жылдык өсүү темпи 101,8% дан 2018-жылы 103,3% га чейин өскөнүн көрсөттү. Бирок, 2019-2020-жылдары пенсионерлердин абсолюттук көрсөткүчү 2019-жылдагы 695 миң адамдан 715 миң адамга көбөйгөнүнө карабастан, 2020-жылы өсүү темпи 102,9%га төмөндөгөн [http://socfond.kg]. (2.2-сүрөттү караңыз).




2.2сүрөт. Кыргыз Республикасында пенсия алуучулардын саны, *миң адам*

Булак КР УСК маалыматтары боюнча түзүлгөн [http://socfond.kg]

Жалпысынан алганда, 2010-2020-жылдары Кыргыз Республикасынын пенсия алуучулардын саны 736 миң адамга чейин же 28%га көбөйдү. [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg].

Калктын пенсия алуучулардын саны 2010-жылдагы 105 адамга каршы 2020-жылы 111 адамды түзгөн же 6 адамга азайган. Ал эми бир пенсионерге иш менен камсыз болгондордун саны 2010-жылдагы 3,9 адамга каршы 2020-жылы 3,0 адамды түздү. [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg] (2.3-сүрөттү караңыз).




2.3-сүрөт. Кыргыз Республикасында 1000 адамга туура келген пенсионерлердин жана иштегендердин саны, адам

Булак КР УСК маалыматтары боюнча түзүлгөн [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg]

Жыл сайын республикалык бюджеттен төмөнкүлөргө каражат бөлүнөт:

- пенсиянын базалык бөлүгүн каржылоо;

- пенсионерлерге электр энергиясы үчүн компенсацияларды төлөө;

- аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыздоо, ИИОнун кызматкерлерине жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө бир жолку жөлөк пул төлөө;

- пенсиялар жана пенсияга үстөктөр (көп балалуу энелерге жана бала кезинен майыптардын энелерине, бийик тоолуу шартта иштегендиги үчүн, алыскы жана барууга кыйын аймактарда жашагандарга ж.б.)

Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууго тышкы жана ички экономикалык факторлордун таасири пландаштырылган социалдык саясатты ишке ашырууну кыйындатат. Бирок пенсияларды жыл сайын жогорулатууда жана анын жашоо минимумуна карата деңгээли боюнча оң жылыштар байкалууда.

Алсак, Кыргыз Республикасында 2010-2020-жылдарга компенсациялык төлөмдөрдү эске алуу менен дайындалган айлык пенсиянын орточо өлчөмү эки эсеге көбөйүп, 2010-жылдагы 2886 сом 2020-жылы 5960 сомду түздү. 2010-2020-жылдары орточо айлык пенсиянын пенсионердин жашоо минимумуна карата катышы 39,3%га өскөндүгү боюнча оң факты бар жана 2010-жылы 91,7% болсо, 2020-жылы 127,5% түздү. Бирок, орточо дайындалган пенсиянын орточо номиналдык эмгек акысына карата катышы изилденип жаткан мезгилде 17,3%га азайган жана 2010-жылы 40,1%ды түзсө, 2020-жылы 33%ды түзгөн (2.4-сүрөттү караңыз), бул пенсионердин жашоо минимуму азайгандыгын жана пенсионердин жашоо деңгээли начарлагандыгын билдирет [http: // www.stat.kg]. Бул социалдык программалардын натыйжалуулугун жана жарандарды пенсия менен камсыздоодо Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ишмердүүлүгүнүн оң натыйжалуулугун тастыктайт.




2.4-сүрөт. Кыргыз Республикасындагы орточо айлык пенсиянын пенсионердин жашоо минимумуна жана орточо чегерилген эмгек акысына катышынын динамикасы, %

Булак КР УСК маалыматтары боюнча түзүлгөн [http: // www.stat.kg]

2010-2020-жылдарга ай сайын берилүүчү пенсиянын реалдуу өлчөмүнүн динамикасы бирдей эмес, бирок COVID-19 пандемиясы жалпы республиканын экономикасына жана бардык социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнө терс таасирин тийгизсе да, 2020-жылы өсүү тенденциясы байкалууда (2.5-сүрөттү караңыз) [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg].




2.5-сүрөт. Кыргыз Республикасында ай сайын берилүүчү пенсиянын реалдуу өлчөмү, өткөн жылга % менен

Булак КР УСК маалыматтары боюнча түзүлгөн [ http: // www.stat.kg]

Алсак, 2010-жылы Кыргыз Республикасында ай сайын берилүүчү пенсиянын реалдуу өлчөмү өткөн жылга салыштырмалуу 111,4%ды түзсө, 2020-жылы 96,3%ды гана түзгөн. [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg] (2.5-сүрөттү караңыз). Бул пенсия менен камсыздоонун курч көйгөйүн жана пенсионерлердин татыктуу жашоо деңгээлин камсыздоо үчүн пенсияны көбөйтүү зарылдыгын көрсөтүп турат.

COVID-19 пандемиясынын шартында Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы начарлап, ага жараша пенсионердин жашоо деңгээли төмөндөдү, ал эми пенсионерлердин саны өсүүдө [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg].

СВ камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүү көлөмү 2,7 эсеге өсүп, 2020-жылы 12083,9 млн сомго каршы 32399,4 млн сомду түзгөн, бул ИДПга карата тийиштүү түрдө 5,5% же 5,6% түзөт [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg] (2.6-сүрөттү караңыз).




2.6-сүрөт. Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү
Булак КР УСКжана КР СФмаалыматтары боюнча түзүлгөн [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg]

2010-2020-жылдары пенсияларды төлөөгө кеткен чыгымдар дээрлик 3 эсеге көбөйүп, 2020-жылы 15336,8 млн сом каршы 45 625,8 миллион сомду түздү, бул ИДПга карата 2010-жылы да, 2020-жылы да 7,7% түзгөн [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg] (2.7-сүрөттү караңыз).




2.7-сүрөт. Пенсия төлөөгө чыгымдар
Булак КР УСК жана КР СФ маалыматтары боюнча түзүлгөн [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg]

Түзүлгөн экономикалык кырдаалда жана КРнын экономикасында иштегендердин санынын бир пенсионерге туура келген 3,9 адамдан 2010-жылы 3,4 адамга чейинки төмөндөө тенденциясы 2020-жылы иштеп жаткан калкка түйшүктү күчөтөт жана пенсиялык камсыз кылууну каржылоону жогорулатууну кыйындатат жана инфляциянын терс таасирин компенсациялап жана пенсионерлердин жашоо деңгээлин жогорулатууну талап кылуу менен пенсияны жогорулатууну талап кылат[http://socfond.kg, http: // www.stat.kg].

Пенсионерлердин жашоо сапатын жогорулатуу үчүн инфляциянын деңгээлин эске алуу менен, пенсияга үзгүлтүксүз индексациялоо жүргүзүү, пенсионерлерди жеңилдетилген медициналык тейлөө менен камсыздоо жана

муктаж болгон пенсионерлерге зарыл социалдык кызматтарды акысыз көрсөтүү зарыл [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg].

Азыркы учурда, Кыргыз Республикасынын экономикасынын түзүмүндө айыл чарбанын үлүшү, кеңири формалдуу эмес сектор, эмгек миграциясынын массалык өсүүсү жана эмгек мигранттарынын акча которууларына болгон көз карандылыгынын өсүүсү олутту орунда турат.

Бюджеттин кирешелеринин көбөйүшү республикалык бюджеттен чегерүүлөрдүн көбөйүшүнө, республикалык бюджеттин Социалдык фондго карызын төлөөгө жана башка кирешелердин түшүшүнө байланыштуу. Ошентип, Кыргыз Республикасынын пенсиялык тутуму муктаждыктарды канааттандырууну, турмуш-тиричиликти камсыздоону жана калктын социалдык жактан аялуу катмарынын татыктуу жашоосун камсыздоону багытталгандыгын эске алуу менен, мамлекеттик түзүмдөр айылдык товар өндүрүүчүлөрдү жана өз алдынча иштеген жарандарды пенсия менен камсыздоону оптималдаштыруу аркылуу пенсиялык тутумдун финансылык туруктуулугун жана тең салмактуулугун камсыздоо боюнча күч-аракетин, ошондой эле жеңилдетилген пенсиялар жана мамлекеттик социалдык кепилдиктер тутумун реформалоо; баалардын жана экономикадагы орточо эмгек акынын өсүү темптерин эске алуу менен, пенсияны индексациялоонун механизмин иштеп чыгуу жолу менен пенсиянын реалдуу өлчөмүн жогорулатууну күчөтүшү керек.

Пенсиялык топтолгон салымдардын инструментарийин кеңейтүү үчүн, атап айтканда, заманбап инвестициялык каржылоонун ар кандай варианттарын пайдалануу сунушталат. Келечектеги пенсиялык топтоолорду болжолдоо көп факторлуу моделди колдонуу методикасына негизделүүсү зарыл.

“Кыргыз Республикасынын калкын пенсиялык камсыз кылууну модернизациялоонун концептуалдык негиздери” деген үчүнчү главада калкты пенсиялык камсыз кылууну оптималдаштыруунун негизги багыттары жана көйгөйлөрү белгиленген, 2030-жылга чейинки мезгилге демоционалдык өнүгүүнүн болжолу жана жалпысынан калкты, анын ичинде гендердик пенсиялык камсыз кылуунун көрсөткүчтөрү иштелип чыкты жана калкты пенсия менен камсыздоону мамлекеттик жөнгө салуунун перспективалары каралды.

Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдардын санынын катышы акыркысынын пайдасына же 2021-жылы эркектердин саны 3 294 134 адамды, аялдардын саны 3 342 669 адамды түздү, бул 48 535 адамга аз жана 2010-жылы 2674773 адам 2743526 адамга каршы [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg] (3.1-сүрөттү караңыз).




3.1-сүрөт. 2030-жылга чейинки мезгилде жынысы боюнча Кыргыз Республикасынын калкынын болжолу, адам

Булак КР УСК жана КР СФ маалыматтары боюнча түзүлгөн [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg]

Кыргыз Республикасынын (КР) калкынын болжолдоосу көрсөткөндөй, 2% өсүү темпи уланып, 2030-жылы калктын саны 7 689 343 адамды түзүшү мүмкүн, анын ичинен эркектердин саны 3 827 607 адамды, аялдардын саны 3 861 736 адамды түзөт ( 3.1-сүрөттү караңыз).

Божомолдор боюнча 2030-жылы Кыргыз Республикасында компенсациялык төлөмдөрдү эске алуу менен дайындалган пенсиянын орточо өлчөмү 8996,76 сомду түзөт [http://socfond.kg, http: // www.stat.kg] (3.2-сүрөт).




3.2-сүрөт. Кыргыз Республикасында компенсациялык төлөмдөрдү эсепке

алуу менен дайындалган ай сайын берилүүчү пенсиялардын орточо өлчөмүнүн болжолу, сом

КР СФ маалыматтары боюнча түзүлгөн [http://socfond.kg]

Орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү пенсиялык камсыз кылуу пенсионерди камсыздоонун кепилденген деңгээлин камсыздоого багытталууга тийиш. Бирок камсыздандыруу принциби камсыздандыруу стажына жана эмгек акынын деңгээлине байланыштуу ар бир пенсионерге дифференциацияланган мамилени билдирет, анткени пенсиянын тилектештик жана камсыздандыруу бөлүгүн өзүнө камтыйт. Мамлекет Кыргыз Республикасындагы пенсиялык камсыз кылуунун негизги кепилдиги болот, демек ойлонуштурулган саясат жана пенсиялык тутумду өнүктүрүүнүн салмактуу стратегиясы керек.

Айыл чарба өндүрүүчүлөрү жана жеке көмөкчү чарба ээлери да милдеттүү пенсиялык камсыздандырууга толук камтылган эмес.

Алар үчүн ошондой эле милдеттүү бөлүштүрүүчү жана топтомо пенсиялык фонддорго тартуу үчүн инструменттерди иштеп чыгууга тийиш. Пенсиялык фонддун топтоо бөлүгүнүн тарифин көбөйтүүнүн варианттары бар, эгерде ал ар бир адамды жекече кызыктырса, б.а. жеке топтоочу пенсиялык пландарды түзүүгө болот. Жеке көмөкчү чарбалардагы эмгек стажын пенсиялык камсыз кылуунун кепилденген базалык бөлүгү үчүн эмгек стажына эсептөөгө болот.

Айыл жеринде жаш балдардын кирешеси жок ата-энелер, шаарда же ечет өлкөдө эмгек миграциясында жүргөндөр үчүн төлөп берүү варианттары мүмкүн.

Макрочөйрө өзгөргөн шарттарда пенсиялык тутум ыңгайлаштырылууга жана ийкемдүү болууга тийиш, өзгөчө пенсиялардын деңгээлин инфляцияга жараша тиешелүү түрдө кармап турууга тийиш.

Финансы секторун санариптештирүү милдеттүү пенсиялык камсыз кылууну туруктуу контролдоо үчүн, ошондой эле ыктыярдуу жеке жана корпоративдик пенсиялык планга артыкчылык берет. Банк секторунда, төлөм тутумдарында, ошондой эле пенсиялык камсыздандырууда инновациялык технологияларды колдонуу менен кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү топтоолорду башкарууга жана келечекте аларды көбөйтүү үчүн Кыргыз Республикасынын калкын пенсияга акча сактоого түрткү берүүгө болот. Бул үчүн ар бир камсыздандыруучу пенсиялык пландарга инвестициянын көлөмүн жана пенсиянын келечектеги өлчөмүн өлчөө керек.

## КОРУТУНДУ

Пенсиялык камсыз кылуу – бул мамлекеттин да, жумуш берүүчүлөрдүн да, кызматкерлердин да жалпы жоопкерчилиги, ал заманбап коомдо ишке ашырылышы керек. Пенсиялык пландар бүтүндөй экономика жана коом үчүн маанилүү натыйжасы бар муундар аралык келишимдерди камтыйт. Чындыгында пенсиялык фонддор-бул бенефициарлардын,

катышуучулардын, камкорчулардын, менеджерлердин, консультанттардын, салык төлөөчүлөрдүн, инвестицияланууучу компаниялардын, коомдун, өлкөлөрдүн жана ар кандай муундун ортосундагы узак мөөнөттүү милдеттенмелерди жана мамилелерди болжолдогон "ишеним" түзүлүшү. Бул мамилелер дүйнөлүк экономикалык жана экологиялык тутумдардын алкагында өз ара ишенимди, жалпы баалуулуктарды жана жоопкерчиликти талап кылган тармактарды түзөт. Базалык мамлекеттик пенсиялык камсыз кылуунун, тилектештик жана топтоочу компоненттердин айкалышы теңдештирилген пенсиялык камсыз кылуу үчүн туруктуу негизди түзөт.

Пенсиялык секторудогу жөнгө салуучу реформа, эгерде ал кыска мөөнөттүү максаттарга багытталбаса жана пенсиялык тутумду өнүктүрүүнүн жалпы контекстинин көңүл борборунда сакталса, кыйла натыйжалуу болот. Реформалар ишенимдүү адамдар үчүн жекече маанилүү пайда көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн четтетүүгө жана пенсиялык фонддордун туруктуу экономикалык өсүүсүнө өбөлгө түзүүчү узак мөөнөттүү мамилелерди өнүктүрүүнү колдоого алууга тийиш.

Пенсиялык камсыз кылуунун колдонуудагы тутумунун көйгөйлөрү менен төмөнкү учурларды белгилөө керек:

- пенсиянын деңгээлинин инфляциянын деңгээлинен, өзгөчө ковидден кийинки мезгилде артта калуу, бул социалдык теңсиздик көйгөйлөрүн бүткүл калктын кедейчилик деңгээлин жогорулатууну тереңдетиши мүмкүн;

- пенсиялык саясат жалпы социалдык саясаттын жана пенсиялык камсыз кылууну башкаруу контекстинде каралбайт, анткени өсүп жаткан инфляцияны актабайт, пенсиянын деңгээлин формалдуу эмес индексациялоого алып келет;

- формалдуу эмес сектордун жана айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн төмөн камтылышы, бул Социалдык фонддун бюджетинин кирешелерине терс таасирин тийгизет жана узак мөөнөттүү келечекте мамлекеттик бюджет аларды пенсия менен камсыздоого кам көрөт;

- пенсиялык тутумдун иштеп жаткан топтоо компоненти начар

- пенсиялык тутумдун иштеп жаткан топтоо компоненти начар, ал аны натыйжалуу башкаруу жана Мамлекеттик топтоо тутумунун алкагында камсыздандыруу тарифин ыктыярдуу жогорулатуу менен жекече топтоочу пенсиялык пландарды түзүү мүмкүнчүлүгү менен күчөтүлүүгө тийиш, бул мамлекеттик пенсиялык фонддордун башкаруучу жана консультанттарынын ишин пландоону жана контролдоону күчөтүүнү талап кылат;

- мамлекеттик эмес пенсиялык фонддордун төмөн өкүлчүлүгү, ал ыктыярдуу жеке пенсиялык пландарды түзүү үчүн ушундай фонддорду түзүүгө дем берүү аркылуу кеңейтилүүгө тийиш;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын пенсиялык камсыз кылууну модернизациялоого жетишсиз катышуусу, бул алардан айыл чарба өндүрүүчүлөрү же жеке ишкерлер үчүн корпоративдик же кесипкөй пенсиялык фонддорду түзүүнү жана түзүүгө катышууну талап кылат;

- пенсиялык пландарды пландаштыруу, уюштуруу жана контролдоо жана пенсиялык фондду башкаруу боюнча адистерди окутуу жана квалификациясын жогорулатуу тутумунун жоктугу, ал мамлекеттик деңгээлде иштелип чыгууга жана киргизилүүгө тийиш;

- социалдык, финансылык сектордун субъекттеринин жана Кыргызстандын бардык жарандарынын катышуусу менен пенсиялык камсыздандыруунун бүтүндөй тутумун түзүүгө мамлекеттик органдардын начар катышуусу, анткени пенсиялык камсыз кылуу бул “ар биринин жана бардыгынын иши”;

- маалымдуулугу төмөн жана өзүнүн пенсиялык камсыз кылуу жөнүндө маалымдуулугунун деңгээлине байланыштуу экономиканын жана мамлекеттик башкаруунун бардык секторлорун санариптештирүү реформаларды жүргүзүү шарттарында калктын кеңири катмарынын арасында ар бир жаранды өзүнүн пенсиялык пландарын башкаруу тутумуна тартуу үчүн “финансылык сабаттуулук” менен катар калктын “санариптик сабаттуулук” боюнча окутуу;

Кыргызстанда пенсия менен камсыздоону модернизациялоо үчүн:

1. жалпы максаттарга жетишүүдө натыйжалуулукту жогорулатуу жана натыйжалуу ишти камсыздоо үчүн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес пенсиялык фонддордун ортосундагы кызматташтыкты колдоо, бул кадр ресурстарын бириктирүүгө жана туура пайдаланууга мүмкүндүк берет. Директорлор кеңешинен мезгил-мезгили менен алдыңкы тажрыйбаны ишке киргизүү боюнча алардын иш-аракетине баа берүүнү жана отчёт берүүнү талап кылуу;

2. ар бир фонддун кызыкчылыктардын кагылышуусу боюнча саясатына, анын ичинде директорлор кеңешинин, кызматкерлердин, инвестициялык менеджерлердин, консультанттардын жана кеңешчилердин шайкештигине үзгүлтүксүз тышкы аудитти жүргүзүүгө милдеттендирүү. . Чыгымдар жөнүндө жылдык отчёттор пенсиялык фондду башкаруу боюнча чыгымдардын айкындуулугу жана ачыктыгы үчүн башкарууну жеңилдетүү максатында ар бир бөлүм боюнча түзүлүүгө тийиш [170];

4. жеке пенсиялык топтоолор үчүн салыктык жеңилдиктерди белгилөө;

5. камсыздандыруу стажы жана тиешелүү деңгээлде керектөө куржунуна зарыл болгон камсыздандыруу чегерүүлөрү жок адамдар үчүн пенсиянын базалык бөлүгүн орнотуу;

6. пенсиялык топтоолордун корпоративдик тутумун ишке киргизүү үчүн жеке пландарды түзүү үчүн мамлекеттик эмес пенсиялык фонддорду өнүктүрүү менен катар республикада ар бир адам үчүн универсалдуу пенсиялык аманат эсебин киргизүү керек, ал Мамлекеттик пенсиялык фонд катары пенсиялык камсыз кылуу тутумунун бардык катышуучулары, ошондой эле мамлекеттик эмес субъекттер тарабынан пайдаланылат. Бирдиктүү персонификацияланган эсепке алуу бирдиктүү аккаунт боюнча пенсиялык аманаттарды консолидациялоого көмөктөшөт, ал кызматкер жумушун өзгөртсө да, ар дайын анда калат. Бул сунуш кылынган чечим

пенсиялык фонддордун баш аламан ар кандай эсептерин рационализациялоо менен чектелбестен, пенсияга чейинки стаж тутумунан чыгууну да чектейт [175];

7. Кызматкерлерге пенсия пландарын берген жана аларды түзүү жана башкаруу үчүн кошумча чыгымдары бар иш берүүчүлөр үчүн салыктык жеңилдиктерди түзүүнү белгилөө.

Корутундуда мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин, мамлекеттик пенсиялык фонддордун, мамлекеттик эмес пенсиялык фонддордун, камсыздандыруу компанияларынын, иш берүүчүлөрдүн, ошондой эле пенсиялык тутумдун секторунун башка кызыкдар катышуучуларынын максаттуу иши Кыргызстандын жарандарына пенсия курагында же турмуштук татаал жагдайларда татыктуу жашоо деңгээлин камсыздоого жөндөмдүү алгылыктуу пенсиялык тутумду түзүү үчүн макулдашылган болууга тийиш экендигин кыскача айтса болот.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Кыргыз Республикасында калкты пенсиялык камсыз кылуу тутумун модернизациялоо улуттук масштабдагы бир катар ири милдеттердин концептуалдуу жана мыйзам менен чечүүнү талап кылат, аларды чечүү үчүн төмөнкү сунуштарды сунуштоого болот:

1. экономика үчүн да, пенсиялык фонддор үчүн да инвестициялык жүрүм-турумдун тобокелдиктерине мониторинг жүргүзүү;

2. пенсиялык тутум текшерүүчү инвестициялык стратегияларды жүргүзүү үчүн ийкемдүү болууга тийиш, эгерде алар миссияга, инвестициялык перспективага жана тобокелдикке чыдамкайлыкка шайкеш келсе жана катышуучулардын/бенефициарлардын кызыкчылыктарына кызмат кылса, башка камсыздандыруу компанияларынын каржы менеджерлери тарабынан кеңири колдонулгандардан айырмаланып туруусу керек;

3. кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү милдеттенмелерди теңдештирүү жоопкерчилигин, калыстыгын жана зарылдыгын баса белгилөө керек. Көрсөтмөлөр бир муундан экинчи муунга өтүү менен байланышкан пенсиялык фонддун узак мөөнөттүү мүнөзүн баса белгилеши зарыл;

4. милдеттенмелерди иштеп чыгуу жана тутум тобокелдиктердин таасирин таануу. Тутумдук жана бюджеттен тышкаркы тобокелдик маанилүүлүгүн ырастоо керек;

5. кызмат көрсөтүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын фонддун ызыкчылыктары менен жакшыраак шайкеш келтирген түзүмдү сыйлоо. Портфолио менеджерлери жана кеңешчилери фонддун өз кызматтарынан алган туруктуу наркын чагылдырган сый акынын олуттуу үлүшүнө ээ болушу керек;

6. кыска мөөнөттүү же узак мөөнөттүү пенсиялык пландарды чагылдырган финансылык отчеттуулукту түзүү;

7. Кыргыз Республикасынын Пенсиялык фондунун финансылык туруктуулугуна тобокелдиктерди аныктоого, баалоого жана башкарууга, ошондой эле муундар аралык адилеттүүлүк принциптерине ылайык инвесторлордун укуктарын ишке ашырууга комплекстүү жана дисциплиналар аралык мамилени колдонууга дем берүү;

8. пенсиялык фонддорду башкаруунун тажрыйбасын модернизациялоо үчүн тиешелүү көзөмөлдөө органдары тарабынан пенсиялык фонддорду башкаруу практикасын өркүндөтүүгө багытталган жалпы стандарттарды иштеп чыгуу жана колдоо үчүн улуттук рынок үчүн алдыңкы практика боюнча комиссия түзүү;

9. үзгүлтүксүз билим берүүнү камтыган башкаруучу жана жетектөөчү курамды окутуу жана алардын квалификациясын жогорулатуу. Бул принципти жүзөгө ашыруу жоболору ишенимдүү адамдардын “жарактуулугун” аныктоо үчүн зарыл болгон жөндөмдөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн жыл сайын инвентаризациялоону, туруктуу өркүндөтүү маданиятын максаттуу колдоону камтышы мүмкүн. Фидуциардык кесипкөйлүктү жогорулатуу үчүн билим берүү программаларын үзгүлтүксүз ишке ашыруу;

10. пенсиялык пландардын катышуучуларына жана директорлор кеңешинин көз карандысыз аудиторуна жылдык отчетторду берип туруу пландарды жана инвестициялык программаларды оңдоп-түзөтүү үчүн жыл сайын жүргүзүлүүгө тийиш;

11. пенсиялык пландардын катышуучуларына кызыкчылыктар боюнча олуттуу жөнгө салынбаган конфликттердин же фидуциардык милдеттенмелерди бузуулардын предмети болгон жараксыз ишенимдүү башкаруучуну кызматтан бошотуу же кызматтан четтетүү жөнүндө арыз берүү үчүн петицияны башкармага же кызмат адамына же сотко берүү мүмкүнчүлүгүн берүү;

12. Катышуучулардын кызыкчылыктарына эң жакшы жооп берген структураны модернизациялоого түрткү берүү үчүн пландын дизайнын жана ага байланыштуу ченемдик, салыктык жана мыйзамдык талаптарды мезгил-мезгили менен карап чыгуу (саясат түзүүчүлөр, жөнгө салуучулар жана пенсиялык камкорчулар тарабынан) талап кылынат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. **Сулайманкулов, З.Н.** Отдельные вопросы пенсионного обеспечения и международный опыт модернизации пенсионного страхования [Текст] / З.Н. Сулайманкулов, Д.И. Самудинова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2014.- 524-528-б.

2. **Сулайманкулов, З.Н.** Развитие народонаселения в Кыргызской Республике [Текст] / А.А. Саякбаева, З.Н. Сулайманкулов [ж.б.] // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2014.- 580-583-б.

3. **Сулайманкулов, З.Н.** Международный опыт пенсионной системы [Текст] / А.А. Саякбаева, З.Н. Сулайманкулов// Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2014.- 313-317-б.
4. **Сулайманкулов, З.Н.** Теоретические аспекты социального обеспечения населения [Текст] / З.Н. Сулайманкулов, Д.И. Самудинова, Ж.К. [ж.б.] // сб. статей науч.-практ. конф. «Инновационная экономика Казахстана: Устойчивое развитие в условиях глобализации», Астана: ЕНУим. Л.Н.Гумилева, 2014, - 312-314-б.
5. **Сулайманкулов, З.Н.** Правовые аспекты пенсионного страхования населения Кыргызской Республики и трудовых мигрантов [Текст] / З.Н. Сулайманкулов // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2015.- 138-141-б.
6. **Сулайманкулов, З.Н.** Социально-демографические аспекты пенсионного обеспечения населения кыргызской Республики [Текст] / З.Н. Сулайманкулов, И.Т. Медетбекова [ж.б.] // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2016.- 187-190-б.
7. **Сулайманкулов, З.Н.** Международный опыт пенсионного обеспечения [Текст] / З.Н. Сулайманкулов [ж.б.] // Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2016.- 184-186-б.
8. **Сулайманкулов, З.Н.** Некоторые аспекты развития социальных процессов в Кыргызской Республике и ее территориях [Текст] / З.Н. Сулайманкулов, А.А. Саякбаева [ж.б.] // Евразийское Научное Объединение, 2017. -№ 1 (23).- 130-133-б.
9. **Сулайманкулов, З.Н.** Демографические и социально-экономические факторы пенсионного страхования Кыргызской Республики [Текст] / З.Н. Сулайманкулов // Евразийское Научное Объединение, 2021. -№ 3-3 (73).- 271-276-б.
10. **Сулайманкулов, З.Н.** Организационно-правовое регулирование пенсионного обеспечения Кыргызской Республики [Текст] / З.Н. Сулайманкулов // Евразийское Научное Объединение, 2021. -№ 4-3 (74).- 269-271-б.
11. **Сулайманкулов, З.Н.** Роль пенсионного обеспечения и пенсионного страхования в системе социальной защиты населения Кыргызской Республики [Текст] / З.Н. Сулайманкулов // Евразийское Научное Объединение, 2021. -№ 4-3 (74).- 272-273-б.
12. **Сулайманкулов, З.Н.** Некоторые аспекты финансирования пенсионного обеспечения в Кыргызской Республике [Текст] / З.Н. Сулайманкулов // Актуальные вопросы современной экономики, 2021. - № 9.- 460-467-б.
13. Сулайманкулов З.Н. Пенсионное обеспечение как приоритет социальной политики [Текст] / З.Н. Сулайманкулов, Эсенгелди кызы Алтынай // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. 2021. -№ 2 (23). – 501-510-б.

14. Сулайманкулов, З.Н. Демографические факторы пенсионного обеспечения в Кыргызской Республике [Текст] /А.А.Саякбаева, З.Н. Сулайманкулов // Актуальные вопросы современной экономики, 2021. - № 10 - 600-605-б.

**Сулайманкулов Заирбек Нишанбаевичтин 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана насыя адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасындагы пенсиялык камсыз кылуу» аттуу темада жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** пенсиялар, каржылоо, тарифтер, камсыздандыруу төгүмдөрү, КР Социалдык фондунун кирешелери жана чыгашалары, пенсиялык камсыз кылуу, курак боюнча пенсия, майыптыгы боюнча пенсия, корреляциялык-регрессиялык талдоо, демоиндикаторлор, болжол, жакырчылык, миграция.

**Диссертациялык изилдөөнүн объекти** болуп Кыргыз Республикасындагы пенсиялык камсыз кылуу тутуму саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети** болуп Кыргыз Республикасынын пенсиялык фондунун ресурстарын түзүү жана бөлүштүрүү процессинде экономикалык жана финансылык мамилелер саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты Кыргыз Республикасындагы калкты пенсиялык камсыз кылууну модернизациялоонун концептуалдуу негиздерин иштеп чыгуу үчүн анын теориялык жана практикалык аспекттерин изилдөө болуп саналат.

**Изилдөө методдору:** жалпы илимий статистикалык изилдөө методдору: абстракттуу-логикалык, салыштырма, түзүмдүк-функционалдык мамилелер, графикалык методдор, корреляциялык-регрессиялык метод, статистикалык болжолдоо методдору, топтоштуруу методдору, экономикалык-статистикалык талдоо методдору, SPSS программалык камсыз кылууну пайдалануу менен корреляциялык талдоо, болжолдоо.

**Алынган натыйжалар жана аларды жаңылыгы:**

– “пенсиялык камсыз кылуу” түшүнүгүн тактоо менен Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну изилдөөнүн үзгүлтүксүз, методологиялык жана теориялык негиздери изилденди жана жалпыланды;

– айрым чет өлкөлөрдүн пенсиялык камсыз кылууну салыштырма талдоо жүргүзүлдү жана өлкөнүн финансылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен КРда аларды позитивдүү ыңгайлаштыруу максатында регламенттөө практикасы изилденди;

– пенсиялык фонддорду бюджеттөөнүн демоиндикаторлору катары КР демографиялык өнүктүрүү контекстинде аларды оптималдаштыруу жана финансылык туруктуулукту сактоо максатында КР пенсиялык камсыз кылууга талдоо жүргүзүлдү;

– Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну өнүктүрүүгө негизги социалдык-экономикалык факторлорду жана демоиндикаторлордун таасиринин даражасына корреляциялык-регрессиялык талдоо жүргүзүлдү;

– 2030-жыолга чейинки мезгилде компенсациялык төлөмдөрдү эске алуу менен бир айлык пенсиянын орточо өлчөмүн аныктоо максатында КР калкынын болжолунун контекстинде КРда пенсиялык камсыз кылуу болжолу эсептелди;

– Кыргыз Республикасында пенсиялык камсыз кылууну модернизациялоонун концептуалдуу негиздери иштелип чыкты.

**Пайдалануу даражасы:** Изилдөөнүн натыйжалары Ж. Баласагын атындагы КУУда апробацияланды. Пенсияны камсыз кылууну оптималдаштырууга багытталган практикалык сунуштамалар Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ишинде чагылдырылды.

**Колдонуу чөйрөсү:** изилдөөлөрдүн натыйжалары КРда пенсиялык камсыз кылуу маселелери менен алектенген министрликтердин жана ведомстволордун ишинде пайдаланылышы мүмкүн. Диссертациянын негизги жоболору КР жождорунда окутуучулар, аспиранттар жана студенттер тарабынан да пайдаланылышы мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Сулайманкулова Заирбека Нишанбаевича на тему «Пенсионное обеспечение в Кыргызской Республике» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.10 – финансы, денежное обращение и кредит**

**Ключевые слова:** пенсии, финансирование, тарифы, страховые взносы, доходы и расходы Социального фонда КР, пенсионное обеспечение, пенсия по возрасту, пенсия по инвалидности, корреляционно-регрессионный анализ, демоиндикаторы, прогноз, бедность, миграция.

**Объектом диссертационного исследования** является система пенсионного обеспечения в Кыргызской Республике и ее демоиндикаторы.

**Предметом диссертационного исследования** являются экономические и финансовые отношения в процессе формирования и распределения ресурсов пенсионного фонда Кыргызской Республики.

**Цель и задачи исследования.** Целью диссертационной работы является исследование теоретических и практических аспектов пенсионного

обеспечения населения в Кыргызской Республике для разработки концептуальных основ его модернизации.

**Методы исследования:** общенаучные статистические методы исследования: абстрактно-логический, сравнительный, структурно-функциональный подходы, графические методы, корреляционно-регрессионный метод, методы статистического прогнозирования, методы группировки и методы экономико-статистического анализа, корреляционный анализ с использованием программного обеспечения SPSS, прогнозирование.

**Полученные результаты и их новизна**:

– исследованы и обобщены регулятивные, методологические и теоретические основы исследования пенсионного обеспечения в Кыргызской Республике с уточнением понятия «пенсионное обеспечение;

– проведен сравнительный анализ пенсионного обеспечения отдельных зарубежных стран и исследована практика их регламентации в целях адаптации их позитивного опыта в КР с учетом финансовых возможностей страны;

– проведен анализ пенсионного обеспечения и их демоиндикаторов, а также бюджетирования пенсионных фондов в КР в целях их оптимизации и сохранения финансовой устойчивости;

– проведен корреляционно-регрессионный анализ степени влияния основных социально-экономических факторов на развитие пенсионного обеспечения в Кыргызской Республике;

– рассчитан прогноз населения в целом с распределение на мужчин и женщин, а также пенсионного обеспечения населения в КР на период до 2030 года;

– разработаны концептуальные основы модернизации пенсионного обеспечения в Кыргызской Республике.

**Степень использования:** Результаты исследования апробированы в КНУ им.Ж.Баласагына. Практические рекомендации, направленные на оптимизацию пенсионного обеспечения, нашли отражение в деятельности Социального фонда Кыргызской Республики.

**Область применения:** результаты исследования могут использоваться в работе министерств, ведомств, занимающихся вопросами пенсионного обеспечения в КР. Основные положения диссертации также могут быть использованы в вузах КР преподавателями, аспирантами и студентами.

**SUMMARY**

**dissertation by Sulaimankulov Zairbek Nishanbaevich on the topic "Pension provision in the Kyrgyz Republic" for the degree of candidate of economic sciences in specialty 08.00.10 - finance, money circulation and credit**

**Key words:** pensions, financing, tariffs, insurance premiums, income and expenses of the Social Fund of the Kyrgyz Republic, pension provision, old-age pension, disability pension, poverty, migration.

**The object of the dissertation research** is the pension system in the Kyrgyz Republic.

**The subject of the dissertation research** is economic and financial relations in the process of formation and distribution of resources of the pension fund of the Kyrgyz Republic.

**The purpose and objectives of the study.** The aim of the thesis is to study the theoretical and practical aspects of the pension provision of the population in the Kyrgyz Republic in order to develop the conceptual foundations of its modernization.

**Research methods:** general scientific statistical research methods: abstract-logical, comparative, structural-functional approaches, graphic methods, correlation-regression method, statistical forecasting methods, grouping methods and methods of economic and statistical analysis, correlation analysis using SPSS software, forecasting.

**The results obtained and their novelty:**

- researched and summarized the regulatory, methodological and theoretical foundations of the study of pension provision in the Kyrgyz Republic, clarifying the concept of “pension provision;

- a comparative analysis of the pension provision of certain foreign countries was carried out and the practice of their regulation was investigated in order to adapt their positive experience in the Kyrgyz Republic, taking into account the financial capabilities of the country;

- analysis of pension provision and their demo indicators, as well as budgeting of pension funds in the Kyrgyz Republic in order to optimize them and maintain financial stability;

- a correlation and regression analysis of the degree of influence of the main socio-economic factors on the development of pension provision in the Kyrgyz Republic was carried out;

- the forecast of pension provision in the Kyrgyz Republic for the period up to 2030 was calculated;

- conceptual foundations for the modernization of pension provision in the Kyrgyz Republic have been developed.

**Degree of use:** The results of the study were tested at the KNU named after J. Balasagyn. Practical recommendations aimed at optimizing population migration are reflected in the activities of organizations dealing with pension issues in the Kyrgyz Republic.

**Scope:** the research results can be used in the work of ministries and departments dealing with pension issues in the Kyrgyz Republic. The main provisions of the dissertation can also be used in universities of the Kyrgyz Republic by teachers, graduate students and students.